**Кыркбаева Гульмайрам Надырбековнанын «Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектери» деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине биринчи расмий оппонент, филология илимдеринин доктору, К.Карасаев атындагы БГУнун кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын профессору Ташполот Садыковдун**

## ПИКИРИ

Кыркбаева Гульмайрам Надырбековнанын «Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектери» деген темадагы кандидаттык диссертациясы Д 10.19.594 диссертациялык кеңештин багытына шайкеш келсе, анын мазмуну, анда көтөрүлгөн жана чечилген маселелери жана коргоого коюлган теориялык жоболору 10.02.01 – кыргыз тили адистигинин профилине дал келет.

**1. Теманын актуалдуулугу.**

Илимдин бардык тармактары сыяктуу эле тил илиминде да теориялык парадигманын соңку мезгилдердеги кескин алмашуусу лингвистика илиминин архитектурасын да, изилдөө объектиси менен методдорун да кайра карап чыгууга алып келүүдө. Илимдеги баалуулук вектору жандуу контексттен жиги ажыратылган абстрактуу ойлом деңгелиндеги таза тил системасына эмес, андан ары улантылып, тилдин нагыз ээси болгон адамга, адам жашаган коомго, маданиятка жана тарыхка карай багыт алууда. Кыскасы, адам жандуу ойлом болгон тилдин да, ал тилди изилдеген тил таанымдын да бир эле учурдагы субъекти менен объектине айланууда. Бул жагынан теманын туура тандалып алынышы, изилдөө өңүттөрүнүн, ыкмаларынын туура аныкталышы илимий иштин логикалык жактан ырааттуу, деңгел жактан терең изилденишине жана алдыга койгон максаттын ийги аткарылышына өбөлгө түзөрү талашсыз. Мына ушундай шартта

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№........... "......"...............201....ж/г

адамдын тилдик бейне-портрети тил илиминен башка да илимий тармактарда изилдөөнүн объектиси болуп келүүдө. Атап айтканда, тарых, криминалистика, антропология, этнография өңдүү илимий тармактарда да, ошондой эле сүрөт өнөрү, театр, сценография жана киноматография сыяктуу багыттарда да адамдын сырткы келбетин тилдик каржаттар аркылуу сүрөттөп бейнелөө зарылдыгы пайда болуп турат. Маселен, криминалистикада кылмыш жасаган адамдын оозеки портретин жасоо ыкмасы кеңири колдонулат. Мында кылмышкердин баш түзүмү, чачы, өңү, көзү ж.б. белгилери өзгөчө мааниге ээ. Күбөлөрдүн көрсөтмөсү боюнча дал ушул белгилер бир бирден бейнеленип, мунун натыйжасында кылмышкердин толук портрети калыбына келтирилет. Демек, мындай зарылдыктар жогоруда аталган тармактарда да, адамдардын ортосундагы табигый баарлашуу процессинде да объективдүү түрдө пайда болуп турат. Анткени коммуникативдик актыга катышкан адамды тил каражаттары аркылуу идентификациялоо зарылдыгы, атап айтканда, адамды таануунун, эстөөнүн, эске сактап калуунун тилдик формулаларын жаратуу зарылдыгы экинчи тараптын индивидуализацияга болгон практикалык, ошону менен эле бирге эстетикалык керектөөсү аркылуу майданга келет. Бул жана ушул өңдүү жагдайлардын контекстинде диссертациялык иштин актуалдуулугу төмөнкү жагдайлар менен аныкталат:

1) лексикалык системанын алкагында адамдын сырткы келбетин бейнелеп сүрөттөгөн тилдик каражаттардын өз ара парадигматикалык, синтагматикалык жана деривациялык катыштарынын атайын каралбагандыгы;

2) лексикалык деңгээлдин уюшулушундагы системдүүлүк принцибин танган же тааныган көзкараштардын контекстинде адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулган тилдик каражаттар кыргыз тилинин базистик лексикасына киргендигине жана активдүү колдонулганына карабастан, бүгүнкү күнгө чейин таза тилдик өңүттөн атайын изилдене электиги;

3) кыргыз тил илиминде соматикалык лексиканы структура-семантикалык, функционалдык-семантикалык, ошондой эле этимологиялык аспектилерден изилдөө боюнча бир катар илимий макалалардын, диссертациялык иштердин бар экендигине карабастан, адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтун чеги аныкталбагандыгы, семантика-функционалдык табиятынын иликтенбегендиги;

4) адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белги-өзгөчөлүктөрдөн тышкары, сырткы келбеттеги динамикалык; процессуалдык өзгөрүүлөрдү туюндурган тил каражаттарынын, алардын коммуникативдик потенциалынын, тексттик мазмун түзүү мүмкүнчүлүгүнүн, функционалдык-семантикалык, синтагматикалык табиятынын изилденбегендиги. Демек, бул жана ушул өңдүү жагдайлар диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт.

**2. Проблеманын изилдениш абалы, жаңычылдыгы.**

Диссертациялык иште адамдын сырткы келбетин бейнелеген лексиканын изилденишине байланыштуу проблемалык жагдайга жасалган аналитикалык сереп жалпы жана орус тил илиминде аткарылган изилдөөлөрдөн башталат да, анда лексикалык семантиканын түрдүү маселелерине арналган И. В. Арнольд, С.Д.Кацнельсон, Д.Н.Шмелев, А.Н.Шрамм, А.А.Уфимцева, Ю.Д.Апресян, И.А.Стернин, Л.М.Васильев, В.Г.Гак, Н.Н.Кузнецова, Р.Н.Менон, Г.А.Путягин, О.В.Коротун, С.В.Овчинникова ж.б.лардын эмгектери, адамдын сырткы келбетине байланыштуу сөздөрдү лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүүнүн принциптери менен критерийлерин, функционалдык-семантикалык өңүттөрүн сунуштаган Н.Н.Кузнецова, Р.Н.Менон, Г.А.Путягин, О.В.Коротун, С.В.Овчинникова, Т.В.Гамалей, Т.Н.Федотова ж.б.лардын изилдөөлөрү дыкаттык менен талдап териштирилип, көтөрүлгөн маселенин теориялык негиздери үчүн урунтуу делген учурлар белгиленет. Ушул өңүттөн тектеш жана алыс текстеш алтай, якут, казак, бурят тилдери боюнча аткарылган С.Д.Егинова, А.Чумакаев, О.М.Альчикова, Б.Б.Саналова,

М.Ержанов, Н.В.Ерленбаева, У-Ж.Ш.Дондуковдун эмгкетери, тектештирме тарыхый түркологиянын жалпы маселелерине арналган Н.З.Гаджиева, Е.З.Кажибеков, Э.В. Севортяндын эмгектери серептен өткөрүлүп, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылат. Ал эми маселенин кыргыз тилинде изилдениш абалы М.Толубаев, С.Ж.Жанчарбекова, А.Ботобекова, А.О.Кармышаков ж.б. эмгектери аркылуу тастыкталат..

**3. Диссертациялык изилдөөнүн илимий жыйынтыктары.**

1) лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топтун иерархиясы жана өз ара катышынын тилдеги системдүүлүк принцибинин негизинде иликтениши (2-бап, 2.2, 2.3, 2.4 бөлүмдөр);

2) адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилерди атап көрсөтүүдө, негизинен, сын атооч сөздөрдүн колдонулушу, ал эми сырткы келбеттеги динамикалык белгилерди туюнтууда башка түркүмдөгү сөз жана сөз тизмектеринин пайдаланышы (3-бап, 3.1 бөлүм);

3) адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилер менен эле катар андагы динамикалык белгилерди туюндурган сөз, сөз тизмектери да адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулган тил каражаттары катары семантика-функционалдык аспектиден изилдениши (3-бап, 3.1 бөлүм);

4) адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулган тилдик каражаттар подтексттик, катафоралык маалыматтарды туюндуруу менен бирге, көркөм текстте окуяларды өнүктүрүүчү, мазмун түзүүчү коммуникативдик потенциалга ээ экендиги (3-бап, 3.2 бөлүм);

5) адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүүгө карата көз караш-аспектилердин көптүгүнө карабастан, аларды адамдын жүзүндөгү өзгөчөлүктөргө, адамдын дене мүчөлөрүнө, адамдын тулку-боюндагы объективдүү жана субъективдүү белгилерге карап бөлүштүрүүнүн теориялык жана практикалык өбөлгөлөр аркылуу шартталышы (3-бап, 3.2, 3.3 бөлүмдөр).

**4. Диссертациядагы жыйынтыктардын жана корутундулардын илимий жактан негизделиши.**

Диссертант тарабынан сунушталган жаңы илимий натыйжалар, теориялык жоболор, корутунду-пикирлер кыргыз тил илиминдеги лексикология багытынын өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ.

**1-жыйынтык.** Лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ жана алардын иерархиясы тилдеги системдүүлүк принцибинин негизинде каралып, тиешелүү теориялык жоболор аркылуу ачып көрсөтүлгөн.

**2-жыйынтык.** Адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилер, негизинен, сын атооч сөздөр аркылуу бейнеленери, динамикалык белгилер башка түркүмдөгү сөздөр, сөз тизмектери (өзгөчө кошмок сөздөр), морфологиялык мүчөлөр аркылуу туюндурулары конкреттүү мисалдардын негизинде тастыкталган.

**3-жыйынтык.** Адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилер менен катар андагы динамикалык белгилерди туюндурган сөз жана сөз тизмектеринин семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрү ар тараптан териштирилген.

**4-жыйынтык.** Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулган тилдик каражаттардын подтексттик, катафоралык маалыматтарды туюндуруу касиеттери менен катар көркөм текстте окуяларды өнүктүрүүчү, мазмун түзүүчү коммуникативдик потенциалга ээ экендиги көркөм чыгармалардан алынган мисалдар аркылуу тастыкталган.

**5-жыйынтык.** Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүү өңүттөрүнүн көптүгүнө карабастан, аларды адамдын жүзүндөгү, дене мүчө, тулку-боюндагы объективдүү жана субъективдүү белгилерге карай бөлүштүрүүнүн теориялык жана практикалык өбөлгөлөрү тастыкталган.

**5. Сунушталган жыйынтыктардын жаңылык деңгээли.**

**1-жыйынтык жартылай жаңы,** анткени лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ, алардын иерархиясы жана системдүү уюшулушу - жалпы тил илиминде изилденген, бирок кыргыз тил илиминде илимий айлампага киргизилип жаткан маселе.

**2-жыйынтык жаңы,** адамдын сырткы келбетиндеги статикалык белгилердин, негизинен, сын атооч сөздөр, динамикалык белгилердин башка сөз түркүмдөргү сөздөр, сөз тизмектери (өзгөчө кошмок сөздөр), морфологиялык мүчөлөр аркылуу туюндурулушу кыргыз тил илиминде изилденген эмес.

**3-жыйынтык жаңы,** анткени адамдын сырткы келбетиндеги статикалык жана динамикалык белгилерди туюндурган сөз, сөз тизмектери да адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулган тилдик каражаттар катары семантика-функционалдык аспектиден ар тараптуу териштирилген.

**4-жыйынтык жаңы,** себеби адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулган тилдик каражаттар подтексттик, катафоралык маанини туюндуруу менен бирге көркөм текстте окуяларды өнүктүрүүчү, мазмун түзүүчү коммуникативдик потенциалга ээ экендиги көркөм чыгармалардын мисалдары аркылуу иллюстрацияланган.

**5-жыйынтык жаңы,** адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулган тилдик каражаттарды лексика-семантикалык топторго бөлүштүрүү боюнча көз караш-өңүттөрдүн көптүгүнө карабай аларды адамдын жүзүндөгү өзгөчөлүктөргө, дене мүчө, тулку-бойдогу объективдүү параметрлерге жана субъективдүү белгилерге карай бөлүштүрүүнүн теориялык негиздери иштелип чыккан.

**6. Алынган жыйынтыктардын илимий-теориялык жана методологиялык мааниси.**

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган жоболордун жана жыйынтыктардын негизинде тил илиминде адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөр жана сөз тизмектеринин терилип алынышы, адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды талдап териштирүүнүн

жана классификациялоонун теориялык негиздеринин аныкталышы жана изилдөөгө алынып жаткан сөздөрдүн семантика-функционалдык өңүттөн каралып, алардын коммуникативдик потенциалы конкреттүү мисалдар аркылуу иллюстрацияланышы илимий иштин теориялык баалуулугу деп табылат.

**7.Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Кыргыз тилиндеги адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды системдүү түрдө изилдөө максатын аркалаган бул диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын лексикология, когнитивдик лингвистика, текст лингвистикасы боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө, ошондой эле аталган багыттар боюнча окуу китептерди, окуу куралдарын, лекциялык курстарды даярдоодо теориялык материал катары пайдаланууга болот.

**8. Изденүүчүнүн проблемга кошкон салымы.**

Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө колдонулган тилдик каражаттарды изилдөөнүн теориялык өбөлгөлөрү катары лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ түшүнүктөрүнүн жана алардын иерархиялык түзүмүнүн кыргыз тилинин фактысында айлампага киригизилиши (2-бап) жана адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексиканын системдүү түрдө изилдениши (3-бап) изденүүчүнүн проблемга кошкон салымы деп табылат.

**9. Изилдөөнүн эксперименттик жана иллюстративдик материалдары.**

Изилдөөнүн материалдары кыргыз тилинин түшүндүрмө жана котормо сөздүктөрүнөн, көркөм чыгармалардан жана поэзиянын антологиясынан топтолгон.

**10. Диссертациялык иштин тили, стили жана логикалуулугу.**

Диссертациялык иш адабий тилдин нормасын сактап жазылган, стили жатык жана логикалык жактан бүкөрүлгөн изилдөө деп табылат. Ал эми иштин авторефераты кыргызча жана орусча эки нускасы тең изилдөөнүн

максат-милдеттерине жана жалпы мазмунуна дал келет. Авторефератта кыргыз, орус жана англис тилдеринде резюме берилген.

**11. Диссертациялык иштин мазмунунда жана түзүлүшү боюнча сын пикирлер жана сунуштар.**

1. Сөздүк курамындагы сөздөрдү лексика-тематикалык топторго бөлүштүрүп иликтөө жана ал аркылуу индоевропа баба тили менен түп маданиятын калыбына келтирген жана индоевропеистикада төңкөрүш жасаган Вяч.Вс.Иванов жана Т.В.Гамкрелидзенин “Индоевропейский язык: реконструкция праязыка и протокультуры” (Тбилиси 1984) эки томдугу, лексикалык семантикага таянуу аркылуу идеографиялык сөздүктөрдү түзүүгө байланыштуу Р.Халлиг жана В. Фон Вартбургдун эмгектери, академик А.Хайдардын казак тилинин үч томдук этнолингвистикалык сөздүгү (2009) эске алынса, диссертациянын деңгели дагы да көтөрүлмөк. Ошол эле маалда изилдөөнүн натыйжаларын криминалистика, театр жана сүрөт өнөрү, антропология сыяктуу чектеш жана тектеш тармактарда колдонууга, мунун натыйжасында аталган тармактар боюнча мамлекеттик тилдеги терминологиялык жана маалыматтар базасын түзүүгө байланыштуу сунуштар айтылбай калганы өкүндүрөт.

2. Адамдын сыткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттардын позитивдүү, негативдүү жана нейтралдуу семантикалык оттенокторун талдоого алуу менен, алардын пайыздык катышы көрсөтүлсө, изилдөө ишинин практикалык жагынын деңгээли алда канча жогору болмок.

3. Корутунду бөлүмдүн 1-4-пункттарында адамдын сырткы келбетине байланыштуу тилдик каражаттардын жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилденишине байланыштуу чыгарылган тыянактар кыскартылып, бириктирилип берилгени оң.

4. Диссертациялык иште айрым терминологиялык,орфографиялык, техникалык каталарга жол берилген: *алтай уясы* (*бүлөсү*) (22), *категорияг (64), светок (68), сүрөттөго (84), каржаттары (94), обективдүү (95), макасында (138), иликөөгө (140), топточолор (149) ж.б.*

| № | Баалоо параметрлери | 10 | 9 | 8 | 7 | 6 | всего: |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу | | + | | | | 9 |
| 2. | Проблеманын изилдениш абалы, жаңычылдыгы | | + | | | | 9 |
| 3. | Диссертациялык изилдөөнүн илимий жыйынтыктары | | | + | | | 8 |
| 4. | Жыйынтыктардын жана корутундулардын илимий жактан негизделиши | | | + | | | 8 |
| 5. | Илимий жыйынтыктардын жанылык деңгээли | | | + | | | 8 |
| 6. | Жыйынтыктардын илимий-теориялык жана методологиялык мааниси | | | + | | | 8 |
| 7. | Жыйынтыктардын практикалык мааниси. | | + | | | | 9 |
| 8. | Изденүүчүнүн проблемга кошкон салымы.. | | | + | | | 8 |
| 9. | Изилдөөнүн эксперименттик жана иллюстративдик материалдары.. | | | + | | | 8 |
| 10 | Диссертациялык иштин тили, стили жана логикалуулугу | | | + | | | 8 |
| | Жалпы балл | | | | | | 83 |

Жыйынтыктап айтканда, адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөз жана сөз тизмектерин комплекстүү изилдөөгө арналган Кыркбаева Гульмайрам Надырбековнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча **«Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектери»** деген темадагы филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы ЖАК тарабынан коюлуучу талаптарга толук жооп берет. Ал эми анын автору Кыркбаева Гульмайрам Надырбековна 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу.

**Биринчи расмий оппонент,**
филология илимдеринин доктору,
К.Карасаев атындагы БГУнун
кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы
кафедрасынын профессору Т.Садыков.

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛУМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«14» 02 2020 ж.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ ОБЩИЙ ОТДЕЛ